# КЫРГЫЗ УЛУТТУК МАДАНИЯТЫНЫН АТАЛАРДЫН МУРАСЫ – ЖАН ДҮЙНӨМДҮН АЗЫГЫ

**ГАПАРОВ С.С.**
*Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети*

**УДК 008(103)**

Аталардын мурасы - деп алгач эле эмнени түшүнөбүз? Албетте алардан бизге калган мурастар. Ал мурастарды кадырлай, барктай, сактай, даңктай, билүү биздин, ар бир кыргыз жаранынын милдети. Мына бизден мурунку муундар сактай жана урпактан – урпакка айта билгендиктен, туура жеткирип келгендиктен бизге жетип олтурат. Эгерде бизден мурункулар калпыс мамиле жасап, анча көңүл бурбай койсо, ким билет бизге жетээр беле, же жетпес беле?

Ата-бабаларыбыздын акылман, улутчулдугунан ушунун баарын билип, таанып отурабыз. Албетте, алар макал-ылакаптарды биринчи эле кезекте өздөрүнөн кийинки муундарга тарбия бирээрлик деңгээлде ойлоп табышкан. Көбүнчө макалдарды окуганда чучугуңа жетип, адамды ойлондура коет. Жана дагы ал-макал-ылакаптар адамды өтө көөп, өтө чөгүп кетпеске чоң жардам берет. Мына ушунун баарын туура түшүнүп, ошол ар бир акылдуу сөздөрдүн аркасынан ойлоно билген, аны таразалай билген адам гана жеткиликтүү түшүнүп, барктап аны кийинки муундарга жеткире билет. Ошол макал-ылакаптарды акыл сөздөрдү ойчул –жазуучулардын бизге туура жеткирип, ар бир сөздү кылдаттык менен жазгандыктан биз аларды окуп, өзүбүздүн мүнөзүбүздү оңдоп, толуктап турабыз. Бул чындык жана аны калп деп четке түртө албайбыз. Менимче, түртпөйбүз.

Эгерде ошол санат ырларды, макал-ылакаптарды жакшылап окусак анда, ал адамга психологиялык жактан да чоң жардам берээрин байкайбыз. Адамдын көөп кетпегендигине жардам берүүчү макалдар булар: «Жакшы болуш аста-аста, жаман болуш бир паста», «Билимдүү болуш оңой, адам болуш кыйын», «Барда көппө, жокко чөкпө». Бул макалдарды окуган адам сөзсуз түрдө ойлонот. Деги эле макал-ылакап, санат-насыят сөздөр, улуу акындардын адептүүлүккө чакырган ырлары, жазуучулардын поэма, повесть, романдары бизди тарбиялап, жүрүм-турумубузду оңдоп, айрыкча жаштарды адептүүлүк, калыстык, сабырдуулук, жоомарттык жана ар –намыска үндөйт.

«Адам өткөн менен келечектин данакери, ата-бабалардын сапаттарынын, көркөм өнөрүнүн мураскери» деп эң туура жазылган. Биздин ата-бабаларыбыз бизге мурастарды калтырып кеткенден кийин, ал мурастарды кемитип жибербестен, кайра дагы кошуп жазып берүү биздин милдетибиз. Бир гана көркөм өнөрдү эле эмес, каада-салттарды, үрп-адаттарды, улуттук кийим-кечебизди мурас кылып жеткиришибиз керек. Булардын баары бизден кийинкилерлин келечеги. Алар да ушул мурас аркылуу таалим алып турушу зарыл. Эгерде биз келечектеги бизден кийинки жаштар жакшыраак турмушта жашасын десек, милдетүү түрдө бул ишке көңүл буруп, канткенде орчундуу жеткире алышыбызды, кантип сабак өткөндө алардын жан дүйнөсүн козгоп, жүрөктөрүн келечекке болгон үмүттүү, таза согушуна жардам бере ала турганыбызды азыртадан, тез аранын ичинде ойлоп табышыбыз абзел. Мына ошондо гана кийинки жаштар ар кандай жаман жолдорго түшпөй, мисалы: казино ойноочу, компьютердик оюндарды ойноочу, арак ичип, чылымды көп чегүүнү, дагы ушул сыяктуу терс нерселерди азайта башташат. Чындыгында адамга келечекте терс таасирин тийгизе турган мындай нерселер келечекте өнүп-өрчүп,кетиши толук мүмкүн. Эгерде биз бул маселени азыртадан козгоп, азыртадан чоң көңүл бурсак, биздин өлкөдө мындай нерселерди азайтууга, өз убагында токтотууга алганыбызга жана келечектеги муундарды татыктуу, адамгерчиликтүү чоңойто алышыбызга азыртадан даярдык көрсөк, анда өз убагында токтото алганыбыз. Аларды татыктуу тарбиялап, татыктуу чоңойто алабыз. Мына ошондо гана алар үчүн «Аталардын мурасы-жан дүйнөнүн азыгы» боло алат. Мына ошондо гана алар аталардын мурасын туу тутутп, туура тарбия ала алышат. А бул азыркы учурда эң керектүү. Бир эле биз үчүн эмес бүткүл

дүйнө элдерине керек. Ал туура тарбия алуу. Адам туура тарбия алганда гана адамдык сапатын сактай алат.

Бизге Калыгул, Арстанбек, Токтогул, Жеңижок, Тоголок Молдо аталарыбыз абдан чоң көлөмдөгү өздөрүнүн накыл сөздөрүн, санат ырларын жазып, калтырып кетишкен. Албетте алар абдан акылман, сөзгө шыктуу, эл ичинде кадыр-барктуу адамдардан болушкан. Калыгул атабыз адамды, айрыкча жаштарды адептүүлүккө үндөгөн.

Жакшы болгоң баланын,
Атасы жаман болсо да,
Төрдө отуруп сый табаар.
Жаман болгон баланын,
Атасы жакшы болсо да, төө үстүнөн ит кабаар.

-деп жазган. Демек бул ыр саптарды окугандан кийин, акын өзү да адамгерчиликтүү таза жүрүш-турушу менен айлана-чөйрөсүндөгү адамдарга үлгү болоорлук мамилеси болгон.

Арстанбек атабыз болсо мындай деп жазган:
Акча теңге түгөнүп,
Тыйын чыгат дечү эле.
Атасынан баласы,
Кыйын чыгат дечү эле.
Кийинкинин баарысы,
Буту колун жашырбай,
Дөрбөл чыгат дечү эле.

Чын эле өзүбүздүн нукура каада-салттарыбызды унутуп баратабыз. Жаштардын көбү мода деп кыска юбка, көкүрөгү ачык кофталарды кийип жатышат. Ал эми кээ бирлери болсо буту колду жабат деп араб кийимин кийип алышкан. Кыргыздын нукура кийими деле буту-колду жаап турат. Айрыкча азыр азыркы модадагы узун десе узун, кооз десе кооз оймо-чиймелери бар кийим-кечектери бар кийим-кечектер чыга баштады. Бул иш менен Ассоль Молдакматова күчтүү алектенип жатат. Аларды кийсек күн башка жактан чыгабы? Айтор, жанагы эле  өзүбүздүн акылыбыздын кыскалыгынан болуп жатат. Мейли башка элдин тилин, дилин, динин үйрөнүп, кийимдерин кие беришсин, бирок ошол эле учурда кыргыздын да тилин, динин, улуттук кийимдерин, үрп-адаттарын унутушпасын. Алар биз үчүн чоң мурас экендигин эстен чыгарышпасын.

Психологдордун аныктоосунда ар бир чоң кишиде балалык жашап туруусу зарыл. Демек, Токтогул да философ, психолог болгон деген ишеним бар.

Тууганына батпаган,
Душманына жалынат.
Болсо жаман арамза,
Болумсуз ишке малынат.
Кишинин көөнү тарытат.

Чындыгында бизге кийинки ойлой турган маал келди. Ушулардай эле Жеңижок атабыз да четте калбай бизге акыл-насаат ырларын жазган.

Жаманга тандап кеп айисаң,
Кабагаан иттей ырылдайт.
Сөз кадырын биле албайт,
Өзүнөн акыл чыкпаган.

Оозунан ыры куюлуп турган өтө кыйын акын болгон Женижок атабыз сүйүүнү да өтө кылдат кадырлаган экен.Ошондой эле Тоголок Молдо атабыздын “Телибай тентек”,Кемчонтой” сатиралары окуучуларды кичине классынан баштап тарбиялоодо чоң көмөгүн көрсөтөт.Ал эми “Адам мүнөзү” деген поэмасы адамды психологиялык жактан тарбиялап,кыйынчылык учурда жардам бэрээри чындык.Мына ушулардын баары бизге калтырылган мурас.Мурас дей албайбыз.андан көрө буларды кийинки муунга жеткирүүнүн камын ойлогонубуз алда канча туура.

А.Н.Толстой менен Ф.М.Достоевский бекеринен “Жамандыкты күч менен жоюга болбойт,андан көрө жакшылыкты көбөйтүү керек”,”Келечек- жыргалчылыкты көздөгөн максат-мүдөө дагы адилеттүү,ага жетиш үчүн колдоно турган каражаттар да адилет болушу керек”,-деп бекеринен жазышкан эмес.

Азыркы учурда аталардан калган мурас унутулуп баратат.Азыркы жаштар үчүн макал-ылакап,санат ырларын,ар кандай чыгармаларды терең казып окуганга караганда,компьютер ойноп,убактысын ар кандай керексиз кинолорго коротуу алда канча кызыктуу.Мен муну менен кино жаман,терс тарбия берет деп айтайын деген оюм жок.Жөн гана көрө турган кинону көрүш керек деген ойду бергим келет.Жакшы тартылган,мааниси күчтүү кыргыз кинолору бар.Мисалы: Чыңгыз Айтматовдун жазуусу боюнча тартылган “Делбирим”,”Жамийла”, “Бетме-бет” кинолору бар.Буларды да муундан- муунга жеткире билишибиз керек[1].

Биз адамдар,мугалимдер,депутаттар,студент,чоң класстын окуучулары деги эле койчу баарыбыз ушул таптан баштап ата-бабаларыбыздын мурасына салым кошуп, аны кийинки муунга татыктуу өткөрүүнү катуу ойлонуп,аны артка таштап койбостон алдыга тартышыбыз абзел.Ал үчүн биз өзүбүз аларды терең өздөштүрүп, терең түшүнүшүбүз керек.Бизден кийинкилер койчу ушуну дебесин десек,биз өзүбүз койчу ушуну деген мамиле жасабашыбыз керек. А азыр мындай мамиле жасалып эле келе жатат.Эң кейиштүүсү ушул, жана аны токтотуп калуу биздин милдетибиз!Сенин милдетиң!Менин милдетим!!! Мен үчүн “Аталардын мурасы жан-дүйнөмдүн азыгы”.Себеби, мен ушул мурастар аркылуу өзүмдү-өзүм акырындык менен тарбиялап келе жатам десем жаңылышпайм.

Ошол макал-ылакаптар,санат-насыяттар,ар кандай тарбиялык мааниси чоң улуу жазуучулар жазган чыгармалар жан дүйнөмдүн азыгы.Чындыгында ошолор аркылуу мен терс мүнөздөрүмдү оңдоп,мурун жаш баладай ойлонуп,кыялдансам азыр чоң адамдай, адам деген атка калыптанып келатам.Ошону менен бирге жашоонун да маңызын түшүндүм.Жана мен мурастар менен өзүмдү гана тарбиялабастан,келечекте балдарымды, небере-чеберелеримди да тарбиялайм.Жана бир гана мен үчүн “Аталардын мурасы дүйнөмдүн азыгы” болбостон,балдарыма, небере-чеберелериме да “Аталардын мурасы жан-дүйнөсүнүн азыгы” болот деген ишничтемин.Алар үчүн мурас да ыйык,касиеттүү экенин билдирүү үчүн болгон аракетимди жасайм.Бир гана мен эмес бул нерсени баардык кыргыз жарандары аткарат деген ойдомун.Келгиле,ушул ой ишке ашыш үчүн азыртадан ордубуздан козголуп,азыртадан талпынып чуркайлы.Биз үчүн,бизден кийинки урпактар үчүн “Аталардын мурасы жан-дүйнөнүн азыгы” болсун!!!

**Адабияттар:**


1. Абрамзон С.М. “Очерки культуры кыргызслого народа”. Фрунзе 1946 г.
2. Измаилов А.Э. “Очерки об истории советской школы Киргизии за 40 лет (1917-1957гг)”Фрунзе 1957г. 383с.
3. Айтмамбетов Д.Д. “Культура киргизского народа во II половине XIX в началеXX вв”. Фрунзе 1967г
4. Касымжанов А.Х. Кельбуганов А.Ж. “О культуре мышления” Москва; Политиздат. 1981г,123с.
5. Аттокуров С.А. “Кыргыз санжырасы”. Бишкек 1995ж.
6. Байгазиев С.О. “Гумандуу педагогика жөнүндө сөз” Эркин Тоо.1996ж,17-апрель.12-13б.
7. Айтматов Ч.Т. “Тоолор кулаганда” 2002 ж.Бишкек


1. [1]Айтматов Ч.Т. “Тоолор кулаганда” 2002 ж.Бишкек